Oş Devlet Ünıversitesi
İlahiyat Fakültesi İlmi Dergisi
29. Sayı 2020

Ош мамлекеттик университети
Теология факультетинин илимий журналы
29-саны 2020

# Буддизм жана анын Орто Азиядагы өтмүшү

**Өскөнбай Зууридинов***

**Абстракт**

Бул макалада буддизмдин жалпы тарыхындагы өзөктүү жерлерди сөз кылдык жана аны түшүнүүдө индуизмдин ордун белгиледик. Байыркы Индияда пайда болгон буддизмдин Орто Азиядагы жайылуусуна кыскача токтолдук. Ал эми Манас эпосунда айтылгандардын негизинде Кыргызстандагы буддизмдин калдыктарына илимий баа бердик.

**Ачкыч сөздөр**: Будда, ашрама дхарма, Вишну, Далай Лама.

# Buddhism and Its History in Central Asia

**Abstract**

This article mentioned that general history of Buddhism and notes the place of Hinduism in its comprehension. We have considered appeared of ancient Indian Buddhism to spread on Central Asia. And as stated in the epic Manas to gave a scientific assessment of the remnants of Buddhism in Kyrgystan.

**Key words**: Buddha, ashrama dharma: Vishnu, Dalai Lama.

## Киришүү

*Буддизм азыркы Индиянын аймагында б.з.ч. VI кылымда пайда болгон. Буддизмдин пайда болуусуна Сидхарта Гаутама Шакьямунинин башынан өткөргөн окуялары себеп болгону айтылып жүрөт. Жалпыга маалым окуя боюнча Сидхарта хан сарайда жыргалчылык ичинде жашаган жана сырткы дүйнө менен байланышы болгон эмес делип, качан ал сырткы дүйнөгө чыккан кезде көргөн аянычтуу окуяларынан катуу таасирленип, дүйнө безип кеткени айтылат. Аталган окуя буддизмдин пайда болуусун толук түшүндүрүп бере албайт. Буддизмдин пайда болуусуна жоопту индуизмдин ичинен издеген дурус. Биз бул макалада буддизмдин пайда*

* Ош МУнун теология факультетинин окутуучусу, ozuuridinov@oshsu.kg

*болуусуна, жайылуусуна жана жалпы ишенимдерине токтолобуз. Ошондой эле буддизмдин Орто Азиядагы өтмүшүнөн жана биздин адабияттагы таасиринен кыскача сөз кылабыз.*

Будданын өзүнүн аты-жөнү Сидхарта Гаутама Шакьямуни болгон. Сидхарта анын аты, Гаутама теги жана Шакьямуни болсо анын шакья кланынан чыкканын айгинелейт. Анын төрөлүп өскөн жери азыркы Непалдын аймагында калгандыктан байыркы Индия деп аталат.[140] Сидхартанын атасы Шуддходана, энеси Мая болгон жана Сидхарта төрөлгөндөн жети күндөн кийин энеси өлгөнү айтылат. Шуддходана Кошала падышачылыгынын (болжол менен б.з.ч. 1100-б.з.ч. 500) Капилавасту шаарындагы чакан аймактык башкаруучусу болуп турган.[141] Сидхартанын шакья кланы атактуу болгон жана анын атасы Шуддходана башкаруучу болуп тургандыктан Сидхарта мамлекеттик адамдардын арасында чоңойгон. Алардын кошуналары ваджжи, личави, колия, видеха кландары болгон.[142] Сидхарта атасынын эже/карындашынын кызы Яшодхарага үйлөнгөн жана андан Рахула аттуу уулу төрөлгөн.[143] Яшодхара колия калынынын башкаруучусунун кызы эле.[144] Демек, бул жерде кшатрия кастасынын эрежесин көрүүгө болот.

Сидхарта Гаутама Шакьямуни 29 жаш курагында үй-бүлөсүнүн каршы чыгуусуна карабастан хан сарайдан чыгып кетет. Издегенин табуу үчүн алгач брахминдерге жолугат, бирок алардын жообуна канааттанбайт. Андан соң денесин кыйноо үчүн дербиштик жашоонун оор түрүн жашайт. Мындан да издегенин таба албайт.[145] Алган тажрыйбаларынын негизинде хан сарайдагы жашоо менен катуу дербиштик жашоонун ортосунда токтолот жана аны “орто жол”

---

[140] Ali İhsan Yitik. “Budizm”/Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. – Анкара: DİB, 2007. –308-б.

[141] Ekrem Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004. –194-б.

[142] Anukul Chandra Banerjee. “Buddhism- Its Contribution to Indian Culture”//Bulletin of Tibetology. №3. – India: Sikkim Research Institute of Tibetology, 1981. –1-б.

[143] Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –194-б.

[144] https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%AF%D1%88%D0%BE%D0%B4%D1%85%D0%B0%D1%80%D0%B0 21.09.2020

[145] Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –194-б.

деп атайт. Ошентип 35 жашка келгенде издеген акыйкатты тапканын жар салат жана “Будда” деген атты алат. Будда – нурданган, акыйкатты тапкан деген маанилерге келет. Сидхарта өзүн Будда деп атагандан кийин аны менен бирге жүргөн 5 жолдошу Сидхартадан бөлүнүп кетет. Алардын оюнда Сидхарта катуу дербиштик жашоонун оорчулугуна жеңилип калган болот.[146] Демек, Сидхарта өзү жалгыз жүргөн эмес болчу жана ага окшогон көптөгөн адамдарды көрүүгө болот.

Буддисттер арасында Будданын мифологиялык жашоосу айтылып жүрөт. Анда Будда дүйнөгө келбестен алдың Тушита бейишинин 33-кабатында жашап турган кезде адамдарга ырайымы келип, аларга туура багытты көрсөтүү үчүн дүйнөгө убактылуу адам кейпинде келген делет.[147] Акыркы Будда боло турган Майтрея учурда Тушита бейишинде убагын күтүп отурат делет.[148] Будда деген наам менен таанымал Сидхарта Гаутама Шакьямуни тарыхий личность катары жашаганы менен ал тарапкерлеринин көзүндө кудай сымал зат болгон.[149] Буддизмдин Сутта-питака китебинде Будданын бул дүйнөдө 547 жолу төрөлгөнү тууралуу айтылат.[150] Бул болсо индуизмдеги Вишну кудайдын аватараларын эске салат. Ар кандай теориялар айтылган менен Вишну кудайдын атактуу он аватарасынын арасында Будда аттуу аватарасы бекеринен айтылбагандыр.[151]

Буддизм индуизмдин ичинен бөлүнүп чыккандыктан буддизмди түшүнүүдө индуизмдин орду чоң. Индуизмде “ашрама дхарма” деп аталган төрт баскычтуу жашоо эрежеси бар. Алгачкысы “брахмачарья” деп аталат жана мында кайсы бир устаттан диндин жол-жобосун үйрөнөт. Экинчи баскыч “грихастха” деп аталат жана

---

146 Aburrahman Küçük-Günay Tümer-Mehmet Arpaslan Küçük. Dinler Tarihi. –Ankara: Berikan, 2009. –226-228-бб.

147 Yitik. “Budizm”/Yaşayan Dünya Dinleri. –308-б.

148 Ekrem Sarıkçıoğlu. Dinlerde Mehdi Tasavvurları. – Samsun: Sidre Yayınları, 1997. –50-б.

149 Yitik. “Budizm”/Yaşayan Dünya Dinleri. –309-б.

150 Yitik. “Budizm”/Yaşayan Dünya Dinleri. –316-б.

151 Салыштыруу үчүн караңыз: Cemil Kutlutürk. Hinduizm’de Avatar İnancı. – Ankara: Otto Yayınları, 2017. – 142-146-бб.

мында үй-бүлө куруп, брахмачарья доорунда үйрөнгөндөрүн ишке ашырат. Үчүнчүсү "ванапрастха" деп аталат жана бул доордо үй-бүлөсүн артта калтырып, турмуштун түйшүктөрүнөн алыс жерде, токойдо, же ибадатканада руханий жашоого басым жасайт. Төртүнчү "санньяса" доорунда үй-бүлөсү менен байланышты үзүп, өзүн толук диний жашоого арнайт жана күнүмдүк муктаждыгын тилемчилик аркылуу таап турат.[152] Сидхарта үй-бүлөсүн таштап чыгып кетип, 6 жыл токойдо жыргал менен азаптын себептерин ойлонуп жүрүп, азыркы Бодхгая шаарындагы Бодхи дарагынын астында отурган кезде Будда болгонун жар салган эле.[153] Биз аталган окуяны ашрама дхарманын этабы катары карап көрсөк болот. Анткени, Сидхартанын ата-энеси индуизмди карманган жана өзү да 35 жашка чейин индуизмдин эрежелери менен жашап келген. Анын Бодхи дарагынын астындагы окуясы индуизмдеги ашрама дхарманын үчүнчү баскычы "ванапрастха" дооруна дал келип турат. Балким Сидхарта ашрама дхарманын эрежелерин аткарып жүрүп чоң бурулуш жасагандыр.

Будда индуизмдин ичинде эки чоң реформаны ишке ашырган. Ал каста системасы менен кудайларга курмандык чалууга каршы чыккан. Анын каста системасына каршы чыгуусунун себеби, брахминдерден башка кастадагылар мокшага жетүү үчүн кийинки жашоону күтүүгө милдеттүү болчу. Ошондуктан Будда кудайларга курмандык чалып, алардын жардамы менен кутулууга жетүү мүмкүн эмес экенин, адам өзүнүн жеке аракеттери менен гана кутулууга жете аларын айткан.[154] Будда өзү издеген акыйкатты тапкандан кийин аны алгач беш досуна түшүндүрүп берет.[155] Алар Будданы дербиштик жашоонун түйшүгүнө жеңилип калды деп таштап кеткен жолдоштору болчу.[156] Будда аларды өзүнүн акыйкатына үгүттөгөндөн кийин беш жолдошу алгачкы беш шакиртине айланат.[157] Будда "сангха" деп аталган кечилдердин тобун негиздеп, алгач ага жалаң эркектерди

---

[152] Ali İhsan Yitik. "Hinduizm"/Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. – Анкара: DİB, 2007. – 289-б.

[153] Küçük-Tümer-Küçük. –228-б.

[154] Yitik. "Budizm"/Yaşayan Dünya Dinleri. –314-315-бб.

[155] Yitik. "Budizm"/Yaşayan Dünya Dinleri. –314-б.

[156] Küçük-Tümer-Küçük. –228-б.

[157] Hadi Tezokur. Buda ve Mesajı //D.Ü. İ. F. D. № 2. 3-т. – Diyarbakır, 2001. – 112-б.

кабыл алат. Аялы менен тай эжесинин кайра-кайра суранычы боюнча аялдар да сангхага кабыл алынат. Натыйжада эркек жана аялдар үчүн монастырлар пайда боло баштайт.[158]

Будда жашоонун азап экенин айтып, андан кутулуунун жолун сунуштаган. Индуизмдин эрежеси боюнча адамдар “мокша” же “нирвана” деп аталган бейишке чыгып кетмейинче бу дүйнөгө кайра келе берет жана дүйнөнүн азабын тарта берет. Качан гана “мокша/нирвана”га жеткенде рухтар бу дүйнөдө төрөлүүдөн жана жашоонун азабынан кутулат.[159] Биздин тил менен айтканда, алар бу дүйнөнү тозок, ал эми “мокша/нирвана”ны бейиш дешет. Ушул эле эрежени Будда да кабыл алган, бирок ал жашоонун азабынан кутулуунун жолун өзгөрткөн. Ал жашоону азап деп, азаптын себебин адамдагы арзуу, каалоо деп чечмелеген. Будданын эрежеси боюнча азаптан кутулуунун жолу-арзууну четке кагууда жатат. Арзууну четке кагуу үчүн Будда өзүнүн сегиз пункттан турган эрежесин сунуштаган. Алар туура ишеним, туура максат, туура сүйлөө, туура жүрүм-турум, туура кесип, туура аракет, туура байкоо, туура консентрация деген аталыштардан турат жана аларды буддист бир учурда аткаруусу керек.[160]

Будданын өлүмүнөн кийин б.з.ч. 383-жылы тарапкерлери кечилдердин кымбат баалуу буюмдарды алып жүрүү эрежелерин талкуулаган кезде пикир келишпестик пайда болуп, анын натыйжасында эрежеге бекем стхавиравада деп да аталган тхеравада жана жаңылануууга ыктуу махасангхика топтору пайда болгон. Эки жаат б.з.ч. 250-жылы маселени кароого чогулган кезде кайрадан пикир келишпестик чыккан жана анын натйыжасында эки топ өз алдынча агымга айланып кеткет.[161] Учурда буддизмдин агымдары эки топтун ичинде каралат: традициялык буддизм деп аталган хинаяна агымы[162] жана реформаланган буддизм катары белгилүү болгон

[158] Küçük-Tümer-Küçük. –229-б.

[159] Yitik. “Hinduizm”/Yaşayan Dünya Dinleri. –282-б.

[160] Yitik. “Budizm”/Yaşayan Dünya Dinleri. –321-322-бб.

[161] Küçük-Tümer-Küçük. –231-232-бб.

[162] Şinasi Gündüz. Din ve İnanç Sözlüğü. Vadi Yayınları, 1998. – 171-б.

махаяна агымы.[163] Учурда хинаяна агымы Шри-Ланка, Тайланд, Камбоджа, Бирмада, ал эми махаяна агымы Тибет, Кытай, Корея жана Японияда жайылган. Махаяна агымы реформачыл мүнөздө болгондуктан барган жеринде жергиликтүү маданият менен жуурулушуп, ошол аймакка таандык өзгөчөлүктөрдү ичине сиңирип алган.[164]

Буддизмдин жайылуусунда Ашока падышанын салымы зор бологон. Маурья падышачылыгын б.з.ч. 273-236-жылдар аралыгында башкарган Ашока тарабынан буддизм коргоого алынгандан кийин миссионерлер аркылуу азыркы Шри-Ланка, Сирия, Египет, Македония жана Грециянын аймагына чейин жетип барган. Маурья династиясынан бийликти тартып алган Шунга династиясынын (б.з.ч. 185-б.з. 75) доорунда буддизм кысымга кабылган.[165] Түндүк Индияны басып алган Кушан падышачылыгын 78-103-жылдар аралыгында башкарган Каниша падышанын доорунда буддизм кайрадан жандана баштаган.[166] Канишанын доорунда буддизм Индиянын аймагынан Бактрияга, андан Согдианага жетип келген. Ошондой эле буддист миссионерлердин аракети менен буддизм кангар урууларына, Парфия жана азыркы Орто Азияга жайыла баштаган. III кылымда азыркы Ташкентте буддисттердин ибадатканасы болгон делет, ал эми Мерв шаарында IV-VI кылымдарга таандын буддисттердин комплексинин калдыктары табылган.[167] Демек, буддизм Орто Азияга түндүк-батыш Индия-Кашмир жана Бактрия аркылуу эки жол менен келген.[168]

Буддизмдин Орто Азияда таралуусунда согдианалыктардын салымы чоң болгон. Кала берсе согди миссионерлер Кытайга чейин буддизмди алып барышкан. Согдианага биздин замандын башында эле буддизмдин келгени маалым. VIII кылымда болсо Самаркандда

---

[163] Gündüz. –242-б.

[164] Şevket Yavuz. Günümüzdeki Budist Mezhepleri. /Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. –Ankara: DİB Yayınları, 2007. –341-342-бб.

[165] Küçük-Tümer-Küçük. –231-233-бб.

[166] Sarıkçıoğlu. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. –210-б.

[167] Günay-Güngör. –159-б.

[168] Б. А. Литвинский. Буддизм в Средной Азии (проблемы изучения)// ВДИ. 2001. 4. –191-б.

бир кечил кызмат көрсөткөн буддист монастырь болгон.[169] Азыркы Бухара шаары буддисттердин вихара деп аталган монастырларынын жергиликтүүлөр тарабынан айтылышынан улам келип чыккан делет. Анткени Бухара шаарынын борборунда бир кездерде вихара болгону анык.[170]

Түрк элдеринин арасында "улук-көлүңү"[171] деп аталган буддизмдин махаяна агымы менен ламаизм агымы жайылган болчу. II кылымда Хотанга келген буддист миссионерлер хинаяна[172] агымынын дхармагуптака окуусунун өкүлдөрү болгону алардын сүйлөгөн тилдеринин негизинде айтылат. Кушан падышачылыгынын доорунда хинаяна агымынын сарвастивада окуусу Орто Азияда жайылганы буддист тексттерден белгилүү.[173]

Түрк элдери Будданын сөлөкөттөрүн "Буркан", вихараны "вихар" же "буркан үй" деп аташкан. Вихар же буркан үйлөрдө "тойин" деп аталган кечилдер жашаган.[174] Кытайлар буддист монахтарды жолдо жүргөндөр деген мааниге келген "тао-жен" деп аташкан.[175] "Тао жен" түрк элдерине "тойин" деген формада өткөн.[176]

---

169 Шоира Амриддинова. Распространеные буддизма в Согде //Альманах современной науки и образования, № 8 (75) 2013. –85-б.

170 Richard Nelson Frye. Buhara. Түркчөгө которгон: Hasan Kurt. –Ankara: Bilig Yayınları, tarihsiz. –51-52-бб.

171 "Көлүңү" көлдөн өтүүчү деген мааниге келет. Демек, буддизмди кабыл алган түрк элдери махаянаны "улуу кеме", хинаянаны "кичүү кеме" деген мааниде которушкан. Караңыз: Mübahat Türker-Küyel. İki Gemi Türü //Erdem. №5. 2-т. 1986. –337-б; Gerard Clauson. An Etymologycal Dictionary of Pre-Thirteenth-Century Turkish. –Oxford: Clarendon Press, 1972. –719-б.

172 "Хинаяна"-"кичине кеме" же "тар жол" деген маанилерге келгендиктен хинаяна деп аталган агымдын өкүлдөрү бул аталышка каршы чыгышат. Алардын пикиринде, хинаяна деген атты махаянанын тарапкерлери берген жана кемсинтүү маанисин камтыйт. Ошондуктан 1954-1956-жылдар аралыгында Бирмага өткөн жыйында тхераваданын өкүлдөрү хинаяна деген атты колдонбоого чакырышкан. Караңыз: -С. Б. Бережной. Об употреблении понятий "махаяна" и "хинаяна" в буддологии //Вестник МГУКИ. 2013. 6 (56). –52-53-бб.

173 Günay-Güngör. –160-б.

174 Günay-Güngör. –160-б.

175 Daniel L. Overmyer. Presious Volumes: An Introduction to Chinese Sectarian Scriptures from the Sixteenth and Seventeenth Centuries. –USA: Harbard University Press, 1999. –78-б.

176 Gerard Clauson. –569-б.

Будданы уйгурлар “Бур” дешип, ал эми ага “кан” деген сөздү кошуп, натыйжада Будданын түрк элдериндеги айтылышы “Бурканды” пайда кылышкан деген менен анын кайсы доордо пайда болгону тууралуу дээрлик маалымат жок.[177] Будданын эмне үчүн “Бур” деп аталганынын жообун түрк элдерине буддизмди алып келген элдердин сөздүгүнөн таба алабыз.

Кубилай хан (1260-1294) дооруна чейин монголдор уйгурлар карманып жүргөн махаяна агымынын тантраяна окуусун жактырышкан болсо, 1269-жылдан кийин Тибеттин ламаизм агымына ооп кетишкен. Ламаизмдин түрк элдеринин арасында жайылуусуна монголдор шарт түзүп берген.[178]

Манас эпосунда бутпарастардын чокунган буттарын Буркан дешкени айтылат.[179] Демек, уйгурлар аркылуу түрк элдери арасында жайылган Будданын Буркан аталышы Манас эпосунда кеңири колдонулат. Бирок, эпосто Бурканды калмакча дейт.[180] Манас эпосунда бутпарастар “маны-маны батман чүк”[181], “мана, мана батман чөк”[182], “мани, мани батман чүк”[183], “батманчүк”[184] деген сөздөр менен сыйынышат. Ал санскритче “Ом мани падме хум” деген дубаны түшүндүрөт.[185] Кыргызстандын Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун аймагында ламаизмдин таасирлери калган. Ламаисттердин ташка жазылган “Ом мане падме хум” аттуу дуба сөздөрү учурда деле өз ордунда турат.[186] “Ом мани падме хум” санскритчеден “Оо, лотустагы кымбаттуу!” деген мааниге келет жана буддизмдин махаяна агымынын атактуу бодисатвасы Авалокитешварага таандык делет.[187] Авалокитешвара Будда менен

---

[177] Günay-Güngör. –173-174-бб.

[178] Günay-Güngör. –179-181-бб.

[179] Сагымбай Орозбаков. Манас. –Бишкек: Хан-Теңир, 2010. – 192, 222, 495-б.

[180] Орозбаков. Манас. –658-б.

[181] Орозбаков. Манас. –523-б.

[182] Орозбаков. Манас. –440-б.

[183] Орозбаков. Манас. –456-б.

[184] Орозбаков. Манас. –548-б.

[185] Манас энциклопедиясы. 1-том. –Бишкек: “Кут-Бер”, 2016. –242-б.

[186] Джумагулов. Ч. Эпиграфика Киргизии. В. 3. –Фрунзе: Илим, 1987. –78-б.

[187] Зеленский, А. Н. – Кузнецов, Б. И. Тибетские надписи Иссык-Куля. /Страны и народы востока. В. VIII. –Москва: Наука, 1969. –183-б.

Майтреянын ортосундады доордо дүйнөнү көзөмөлдөп, адамдарды түрдүү кырсыктардан коргоп турат делет. Ламаизмде Далай-лама Авалокитешваранын реинкарнациясы болуп эсептелет.[188] Демек, Манас эпосунда сөз кылынган буддизмдин элементтери ламаизмге таандык десек болот. Аны Далай-ламанын "Лаайлама"[189], "Лайлама"[190], "Лайламалуу"[191], "Лаайламалуу"[192], "Лайламүлүк"[193], "Лайламалаху"[194], "Лайла малум"[195], "Ылайлама"[196], "Ылама"[197] деген айтылыштары менен далилдөө мүмкүн. Ошондой эле эпосто ламаизмдин Далай-ламадан улам "Лаайлама дини"[198] деп аталганын көрүүгө болот. Ал эми "калмак дини"[199], "кытай дини"[200] деген аталыштар аталган элдин бутпарас болгонун сүрөттөө үчүн айтылат. Кошумча катары тарыхий Суяб шаарынын калдыгы, же болбосо учурдагы Токмок шаарынан 6 чакырым алысыраак Акбешим чалдыбарынын сыртында VI-VIII кылымдарга таандык эки буддист храмдын ураандысы табылган болсо, Ысык-Ата районуна караштуу Красная Речка айылынан VII-IX кылымдарга таандык эки буддист храмдын калдыктары табылган. Бишкектин айланасындагы Ключевское жана Новопокровка аймактарынан да VIII-IX кылымдарга таандык бирден буддист храмдын ураандысы табылган. Ал эми Акбешимде IX-X кылымдарга таандык бир буддист храмдын ураандысы табылганы менен акыркы үч храм тууралуу толук

---

188 Gündüz. –50-б.

189 Орозбаков. Манас. –358, 359, 396, 414, 547, 549, 554, 559, 587, 588, 598, 844, 908, 911, 965, 970, 976, 977, 979, 1229, 1304, 1306, 1339, 1572-б.

190 Орозбаков. Манас. –169, 213, 358, 525, 570, 626, 662, 668, 671, 679, 702, 710, 711, 752, 786, 843, 1510-б.

191 Орозбаков. Манас. –58, 67, 174, 257, 425, 448, 483, 523, 573, 591, 606, 660, 702, 706, 715, 784, 846, 886, 891, 1336-б.

192 Орозбаков. Манас. –408, 812, 925, 927, 931, 970, 976, 978, 1231, 1310, 1569-б.

193 Орозбаков. Манас. –411, 412-б.

194 Орозбаков. Манас. –221, 304-б.

195 Орозбаков. Манас. –152-б.

196 Орозбаков. Манас. –165-б.

197 Орозбаков. Манас. –893-б.

198 Орозбаков. Манас. –574-б.

199 Орозбаков. Манас. –1207, 1459-б.

200 Орозбаков. Манас. –959, 1694-б.

изилдөөлөр ишке ашпаганы айтылат.[201] Кыргызстандын аталган жана башка аймактарынан Будда жана бодисатвалардын колодон жасалган анча чоң эмес сөлөкөттөрү табылган.[202] Манас эпосунда аларды коргошундан куюлуп жасалган кут деп сүрөттөйт.

Учурда Кыргызстанда этникалык корейлер тарабынан 1996-жылы "Чамсен" деген аталыш менен алгачкы буддисттик уюм каттоодон өткөн. Ушул тапта өлкөдө буддизмдин 100-120 мүчөсү болгону айтылат.[203] Чамсен уюму буддизмдин белгилүү багытын карманбаганы менен япониялык Ниппондзан Меходзи жана тибеттик Карма Кагью багытын карманган буддисттердин бар экени белгилүү.[204]

## Корутунду

Буддизм өз тилинде Будда дхарма, бизче Будданын эрежелери деп айтылат. Будданын эрежелери илимий тилде буддизм деп аталат. Демек, бул дин толук түрдө Буддага жана анын эрежесине негизделген. Будда өзүнүн эрежесин тажрыйбасы аркылуу бекиткенин көрдүк. Ал эми Будданын эрежелери индуизмдин эрежелеринин реформаланган түрү экенин түшүндүк.

Буддизм бир кездерде Орто Азияга келгени менен аймакта олуттуу таасир калтыра алган жок. Буга көчмөндүк жашоонун таасири десек да, зороастризмдин таасири десек да болот. Анткени, көчмөндүк жашоого буддизмдин эрежелери туура келбейт эле. Ошондой эле кытайлык саякатчы Бухара шаарында зороастристтердин буддист кечилдерди от менен кууп жүргөнүн

---

[201] İbrahim Çeşmeli. Budist Mimarisinin Orta Asya'daki Gelişimi //Mimarlık ve Dekarasyon Dergisi. № 196. 2010/04. –82-б; http://www.history.krsu.edu.kg/index.php?option=com_content&task=view&id=169&showall=1 14.12.2020

[202] Караңыз: А. Камышев. Кыргызстан //Художественная культура Центральной Азии и Азербайджана IX–XV вв. Том III. Торевтика.—Самарканд-Ташкент: МИЦАИ, 2012. –97-123-бб.

[203] https://cabar.asia/ru/kak-zhivet-edinstvennaya-buddijskaya-obshhina-v-kyrgyzstane 15.12.2020

[204] https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-buddism-religion-history/30420045.html 15.12.2020

көргөнүн эске алганда, аймактагы башка диндер буддизмге тоскоолдук чыгарганын ойлосок болот. Түрк элдеринин арасынан алгачкылардан болуп отурукташкан уйгурлар буддизмдин махаяна агымын кабыл алганы менен, кийинчерээк ишенимдерин зороастризмге алмаштырган.

Манас эпосунда буддизмдин терминдери бутпарастардын ишенимдерин түшүндүрүү үчүн колдонулган. Ал жердегеи терминдерди карасак, жалпысынан буддизмдин ламаизм агымына таандык экенин көрдүк. Бул бизге кыргыздардын кошуна, же жакын аймакта жашаган душмандарынын ламаизмди кармангандарынан кабар берет. Анткени, эпосто алар Манастын душмандарынын ишенимдери катары чагылдырылат. Учурдагы Кыргызстанда жашап жаткан буддизмдин өкүлдөрүнүн алгачкылары этникалык корейлер экенин негиз алып, буддизмдин Орто Азия, анын ичинде Кыргызстанда тарыхий жолун улай албаганын түшүнсөк болот.

## Колдонулган адабияттар

Banerjee, Anukul Chandra. "Buddhism- Its Contribution to Indian Culture"//Bulletin of Tibetology. №3. – India: Sikkim Research Institute of Tibetology, 1981.

Clauson, Gerard. An Etymologycal Dictionary of Pre-Thirteenth-Century Turkish. – Oxford: Clarendon Press, 1972.

Çeşmeli, İbrahim. Budist Mimarisinin Orta Asya'daki Gelişimi //Mimarlık ve Dekarasyon Dergisi. № 196. 2010/04. –76-84-бб.

Frye, Richard Nelson. Buhara. Түркчөгө которгон: Hasan Kurt. – Ankara: Bilig Yayınları, жылы белгисиз.

Günay, Ünver – Güngör, Harun. Başlangıçtan Günümüze Türklerin Dini Tarihi. – İstanbul: Rağbet, 2007.

Gündüz, Şinasi. Din ve İnanç Sözlüğü. Vadi Yayınları, 1998.

Kutlutürk, Cemil. Hinduizm'de Avatar İnancı. – Ankara: Otto Yayınları, 2017.

Küçük, Aburrahman-Tümer, Günay- Küçük, Mehmet Arpaslan. Dinler Tarihi. – Ankara: Berikan, 2009.

Overmyer, Daniel L. Presious Volumes: An Introduction to Chinese Sectarian Scriptures from the Sixteenth and Seventeenth Centuries. – USA: Harbard University Press, 1999.

Sarıkçıoğlu, Ekrem. Başlangıçtan Günümüze Dinler Tarihi. – Isparta: Fakülte Kitabevi, 2004.

-------------------------. Dinlerde Mehdi Tasavvurları. – Samsun: Sidre Yayınları, 1997.

Tezokur, Hadi. Buda ve Mesajı //D.Ü. İ. F. D. № 2. 3-т. – Diyarbakır, 2001.

Türker-Küyel, Mübahat. İki Gemi Türü //Erdem. №5. 2-т. 1986. –337-350-бб.

Yavuz, Şevket. Günümüzdeki Budist Mezhepleri. /Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. – Ankara: DİB Yayınları, 2007.

Yitik, Ali İhsan. "Budizm"/Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. – Анкара: DİB, 2007.

--------------------. "Hinduizm"/Yaşayan Dünya Dinleri. Edit. Şinasi Gündüz. – Анкара: DİB, 2007.

Амриддинова, Ш. Распространеные буддизма в Согде //Альманах современной науки и образования, № 8 (75) 2013. –84-87-бб.

Бережной, С. Б. Об употреблении понятий “махаяна” и “хинаяна” в буддологии //Вестник МГУКИ. 2013. 6 (56). –51-56-бб.

Джумагулов, Ч. Эпиграфика Киргизии. В. 3. –Фрунзе: Илим, 1987.

Зеленский, А. Н. – Кузнецов, Б. И. Тибетские надписи Иссык-Куля. //Страны и народы востока. В. VIII. – Москва: Наука, 1969. –183-185-бб.

Камышев, А. Кыргызстан //Художественная культура Центральной Азии и Азербайджана IX–XV вв. Том III. Торевтика. — Самарканд-Ташкент: МИЦАИ, 2012. –97-122-бб.

Литвинский, Б. А. Буддизм в Средной Азии (проблемы изучения)// ВДИ. 2001. 4. –188-199-бб.

Манас энциклопедиясы. 1-том. Жооптуу ред: А. Акматалиев, Д. Андашев. – Бишкек: “Кут-Бер”, 2016.

Орозбаков, Сагымбай. Манас. – Бишкек: Хан-Теңир, 2010.

***Интернет булактар***:

https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%AF%D1%88%D0%BE%D0%B4%D1%85%D0%B0%D1%80%D0%B0 21.09.2020

http://www.history.krsu.edu.kg/index.php?option=com_content&task=view&id=169&showall=1 14.12.2020

https://cabar.asia/ru/kak-zhivet-edinstvennaya-buddijskaya-obshhina-v-kyrgyzstane 15.12.2020

https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan-buddism-religion-history/30420045.html 15.12.2020